**ФИЛОСОФИЯ PHILOSOPHY**

УДК 10 (09) (575.2) (043.3)

***Мукасов Ысманалы Мукасович***
*КР УИАнын академиги*
***Мукасов Ысманалы Мукасович***
*Академик Национальной академии наук Кыргызской Республики*
***Mukasov Ысманалы Мукасович***
*Academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

## РУХИЙ МАДАНИЯТТЫН КОНТЕКСТИНДЕГИ ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОР

**Аннотация.** Бул макалада философиялык ойлор ар дайым кыргыз элинин рухий маданиятынын өзөгүн түзүп келгендиги каралган. Ошону менен катар өткөн мезгилдин философиялык ойлорунун өнүгүшүнүн негизги этаптары жана маани-маңызы белгиленген. Алар дүйнөгө болгон концептуалдуу көз карашка негизделбестен, философиялык идея, тенденция жана маанай формасында туюнтулгандыгы көрсөтүлгөн.

**Негизги сөздөр:** маданият, философия, ой, коом, адам, тарых, дүйнө, тааным, мезгил.

## ФИЛОСОФСКИЕ МЫСЛИ В КОНТЕКСТЕ ДУХОВНОЙ КУЛЬТУРЫ

**Аннотация.** В данной статье рассматривается философская мысль, которая составляла основу духовной культуры кыргызского народа. Отмечены основные этапы развития философской мысли прошлых эпох и их сущность. Показано, что они еще не основывались на целостном концептуальном мировоззрении, а выступали в форме философских идей, тенденций и настроений.

**Ключевые слова:** культура, философия, мысль, общество, человек, история, мир, познание, период.

## PHILOSOPHICAL THOUGHT IN THE CONTEXT OF SPIRITUAL CULTURE

**Abstract.** This article examines the philosophical thought that formed the basis of the spiritual culture of the Kyrgyz people. The main stages of development of philosophical thought of the past eras and their essence are marked.

It is shown that they were not yet based on a coherent conceptual worldview, but acted in the form of philosophical ideas, tendencies and sentiments.

**Key words:** culture, philosophy, thought, society, human, history, world, cognition, period.

Кыргызстандын эгемендүүлүк алганына 30 жылдан ашты. Ушундан улам, бул убакытта биз чыныгы эгемендүүлүктү орното алдыкпы, социалдык-экономикалык жактан кандай ийгиликтерди жараттык, маданий өсүш болдубу, адамдардын турмушу оңолдубу? – деген суроолор келип чыгып отурат. Ачык айталы, ушул жылдары курганыбыздан талкалаганыбыз, чогултканыбыздан чачканыбыз көп болду. Коомубузда орун алган бул тескери көрүнүштү ким танат?

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуп, өз алдынча түтүн булатып жашаган мезгилде социалдык-экономикалык жактан өтө көп көйгөйлөргө туш болду. Ички, сырткы саясатта, экономикада, социалдык чөйрөдө оор маселелер жаралды. Социалистик түзүлүшкө ылайыкташкан экономика түп-тамырынан бери талкаланды. Завод, фабрикалар ар кандай коррупциялык жолдор менен жеке менчикке өтүп, өндүрүштөн четтеп калды. Алардын баалуу тетиктери металлолом катары чет өлкөлөргө сатылды, имараттары болсо базарларга, кампаларга айланды. Колхоз-совхоздор жеке менчикке өткөрүү шылтоосу менен тонолуп кетти. Сөздүн кыскасы, өндүрүштүн өзөгүн түзгөн завод, фабрикалар, колхоз, совхоздор жаңы системага ылайыкташып иштөөнүн ордуна жоюлуп жок болду. Өндүрүш токтоду. Мына – биздин негизги трагедиябыз.

Белгилүү болгондой, коомдун негизин экономика, ал эми экономиканын өзөгүн өндүрүш түзөт. Биз болсо, аздыр-көптүр иштеп турган өндүрүшүбүздү жоготуп, ордуна эч нерсе кура алган жокпуз. Жыйынтыгында, социалдык-экономикалык, маданий кризистер жаралды. Жумушсуздук келип чыкты. Ички жана тышкы миграция башталды. Коомдо алып сатуу жана тейлөө тармактары гана иштеп калды.

Мына ушундай талкалап жоготуу саясатынын негизинде келип чыккан маселелерди чечүү жагы азыркы бийликтин энчисине туш келип отурат. Алардын эң ириси – Кыргызстанды социалдык-экономикалык өнүгүү жолуна салуу маселеси. Бул багытта ийгилик жаратуу үчүн кечиктирилгис чарбалык реформаларга баруубуз керек. Ал эми алар илимдин жетишкендикеринин негизинде ишке ашаарын унутпайлы. Ушул маанилүү жагдайды өткөн бийликтегилер эске албай, мамлекеттин өнүгүүсүндөгү илимдин ролун танып келсе, азыркы келген бийлик илимге басым жасоо менен, коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жетүү максатын көздөп отурат. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаров өзүнүн Шайлоо платформасында илим – бийлик акыркы 30 жылда четке кагып келген тармак. Биз мындай жоопкерчиликсиз мамилени мындан ары уланта албайбыз деп баса белгилеген.

С.Н.Жапаров ошол эле Шайлоо платформасында маданий кайра жаралуу маселесине токтолуу менен, «Кыргыз маданияты», «Кыргыз философиясы», «Кыргыз дүйнө таанымы», «Кыргыз этнопедагогикасы» деген илим тармактарын жаратабыз», - деп билдирген эле. Ушундан улам, учурда кыргыз философиясынын, кыргыз дүйнө таанымынын руханий жашоодогу орду кандай, ал коомдун өнүгүүсүнө өз салымын кошо алабы, кыргыз философиясына жана кыргыз дүйнө таанымына байланыштуу илимий тармактарды жаратуу жолдору кандай? – деген суроолор жаралды.

Албетте, философиялык ойлор бардык тарыхый мезгилде коомдогу жашоонун рухий чөйрөсүнүн талаптарына жооп бере ала турган күчкө, жөндөмдүүлүккө ээ. Муну бир катар өлкөлөрдүн мисалынан көрсөк болот. Маселен, кытай эли байыркы доорлордо пайда болгон Лаоцзы, Конфуцийдин окууларын ушул күнгө чейин мамлекеттин идеологиялык өзөгү катары пайдаланып келүүдө. Эзелки Индияда жаралган философиялык маңыздагы «Веда» чыгармаларынан бүгүнкү күндө да индустар баш тарткан жок, тескерисинче, аларды өздөрүнүн жашоосуна кеңири кийирүүдө. Байыркы Греция, Рим доорлорундагы философиялык окуулар азыркы учурда өзүлөрүнүн актуалдуулугун жоготпой, руханий чоң байлыкка айланып отурат. Япондуктар болсо Батыштын илими менен техникасынын жетишкендиктерине, өзүлөрүнүн даанышмандыгын, руханий-маданий байлыктарын айкалыштыруу аркылуу зор ийгиликтерди жаратууда.

Ал эми философиялык ойлом байыртадан бери кыргыз элинин рухий маданиятынын өзөгүн түзүп келет. Башкача айтканда, өткөн мезгилде элибиздин аң-сезиминдеги туруктуу өзгөчөлүк реалдуу ой жүгүртүү болгон. Ар бир доордо дүйнө жана адам тууралуу позитивдүү ойлор калыптанып, болмушту туура чагылдырган элементтер

жашап, адамдарды рухий караңгылыктан бошотуу процесси менен тыгыз байланышта өнүгүп, коомдун алга жылуусу үчүн оң мааниге ээ болгон. Алар таанып-билүүчүлүк, интегративдик кызмат аткарып, табияттын жана коомдун кубулуштарын түшүнүүгө өздөрүнүн таасирин тийгизип, кыргыздардын социалдык жана маданий багытындагы иш-аракеттерине көмөкчү болгон. Философиялык ойлор жаратуучу күч катары адамдардын дараметин ойготкон, жандандырган жана өнүктүргөн. Рационалдуу билимдердин таралышы менен табияттын жана коомдун мыйзамдарын өздөштүрүү чектери кеңейип, адамдын аң-сезими өнүккөн жана дүйнөнү өздөштүрүүнүн жаңы ыкмалары ачылган.

Бүгүнкү күндө элибиздин аң-сезимин туура нукка бурууда, коомдун өнүгүү жолдорун аныктоодо жана инсанды руханий-адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо дал ушул философиялык ойломдун ролу өтө жогору. Башкача айтканда, кыргыз элинин улуттук кайра жаралуусу жана анын рухий дүйнөсүнүн байышы, азыркы күндө жаңыча мааниге ээ болуп жаткан өткөндүн маданий мурастары, анын ичинен философиялык ойлому менен шартталат. Туу чокусунда адам акылынын асыл туундусу болгон «Манас» эпосу турган кыргыз элинин көп салаалуу тарыхы качан да болсо илимий изилдөөнүн объектиси болуп келет. Себеби өткөн тарых менен учурдагы доордун диалектикалык байланышы дайыма түбөлүктүү. Ушундан улам карт тарыхтын сабактары коомдун жаңы муундары үчүн таанып-билүүнүн бирден-бир зарыл булагы болуп эсептелет. Демек, өткөн тарыхты таанып- билүүнүн актуалдуулугу – зарыл чындык. Ал эми ушул зарылдыктан жаралган тарыхый-философиялык изилдөө төмөнкү конкреттүү илимий-теориялык кырдаалдар менен аныкталат.

Биринчиден, кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы, өткөндөн калган рухий байлыкты, интеллектуалдуу тажрыйбаны терең өздөштүрүп кабыл алууну өз ичине камтыйт.

Экинчиден, философиялык ойлор коомдук көрүнүштөргө туура багыт берүүчү күчкө ээ. Маселен, «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» деген элдик пикирде эң алды өндүрүшкө, турмуш шартты оңдоого багыт алуу керектиги жөнүндө айтылган. Ал эми «Койчу көп болсо, кой арам өлөт» деген макалда карапайым элдин эсебинен жашаган бийлик төбөлдөрүнүн санын кескин кыскартуу маселеси көтөрүлгөн.

Үчүнчүдөн, философиялык мурастарды иликтөө адамдардын аң-сезимдик жана социалдык-нравалык жактан калыптанышына шарт түзөт. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн арттырат.

Төртүнчүдөн, кыргыздардын философиялык ойлорун изилдөө Чыгыш элдеринин, анын ичинен кыргыз элинин философиялык ойломун жокко чыгарган Батыштын айрым скептикалык мамилесин четке кагууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай тескери мамиледе, үч миң жылга тете тарыхы бар кыргыздардын сакталып калышынын негизги себептеринин бири болуп алардын философиялык ойлорго негизделген жашоо-турмушту жарата алгандыгы да эске алынган эмес. Чындыгында, элибиз рухий байлыкты, акылмандыкты, даанышмандыкты туу тутуп келгендиги менен тарыхтан сүрүлүп калган эмес.

Эгерде кыргыз философиясынын байыркы мезгилден XX кылымдын башына чейинки өнүгүүсүнүн негизги этаптарына кыскача токтоло турган болсок, анда алар төмөнкүлөр:

Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымында позитивдүү тенденциялар мифтерде, диндин алгачкы формаларында жана эмпирикалык билимдеринде чагылдырылган. Күндөлүк жашоо-турмуштук практика жана байкоолор адамдардын ойлорундагы рационалдык тенденциялардын болушун шарттаган. Аларга мүнөздүү өзгөчөлүк болуп дүйнөгө карата сезим-туюмдук мамиле эсептелет.

Орто кылымдардагы кыргыздардын философиялык ойлому Жусуп Баласагындын, Махмуд Кашкардын, Кет Буканын,

Асан Кайгынын, Толубай сынчынын, Санчы сынчынын чыгармаларында жана элдик фольклордо өнүккөн. Маселен, элдик оозеки чыгармачылыкта өткөн муундардын рухий жашоосун аңдап-билүүнүн негизги өңүттөрү, элдин дүйнө таанымынын өнүгүшүнүн маанилүү учурлары, ал тарабынан рухий баалуулуктарды өздөштүрүүдөгү кардиналдык өзгөчөлүктөр кеңири орун алган. Эл өзүнүн философиялык, этикалык жана эстетикалык ойлорун фольклор аркылуу көркөм формада туюнткан. Курчап турган дүйнөгө карата болгон реалдуу мамиле фольклор жаралган мезгилден тартып бүгүнкү күнгө жеткен ага мүнөздүү негизги өзгөчөлүктөрдүн бири болуп саналат. Мында өндүрүштүк жана коомдук мамилелердин өнүгүш деңгээлине жараша табиятка жана адамдардын ортосундагы мамилелерге карата болгон терең байкоолорду, билим-тажрыйбаларды, элдик акылмандыкты өз ичине камтыган элдин демейки аң-сезими калыптанган жана өнүккөн. Кыскасы, аталган тарыхый мезгилде дүйнөнүн татаал мыйзамдарын түшүндүрүүдө, кыргыздар кубулуштар менен процесстердин сырткы жактарын гана таанып-билүү менен чектелбестен, алардын ички маңызын түшүнүп, кубулуштардын ортосундагы байланыштарды туура баамдашкан.

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы философиялык ойломдун көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нурмолдо, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы жана Жеңижок эсептелет. Булардын чыгармаларынан дүйнөнү чаржайыт түшүнүүнүн ордуна чындыкты объективдүү баамдоого жана гуманисттик идеяларды өзүнө камтыган реалисттик идеалардын системасы жарала баштагандыгын ачык сезебиз. Элдик акындардын дүйнө таанымы кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүүсүндөгү жаңы баскыч болгон. Мында адамдардын дүйнөгө болгон көз караштарынын стихиялуу, али калыптана элек чулу концепцияларынын ордуна дүйнөнүн кубулуштарына реалдуу ой жүгүртүү, ошондой эле дүйнөнүн материалдык биримдиги жана өз алдынча жеткиликтүүлүгү тууралуу идеяга негизделген ойлордун тутуму келет. Ал терең гуманисттик жана агартуучулук ойлорду камтыйт. Ойчул-акындардын чыгармаларында түбөлүктүүлүк жана табияттагы, коомдогу көрүнүштөрдүн өзгөрүлүп турушу белгилүү орунду ээлейт. Аларды түшүндүрүүдө көз караштардын өз алдынчалыгы, жекечилдиги жана терең ишенимдүүлүгү ачык байкалат.

Элдик акындар адамдын инсан катары калыптанышын жана анын моралдык сапаттарын аныктоочу материалдык шарттарды ачып берүүгө аракет жасашкан. Акындардын эстетикалык көз караштарынын негизги өзгөчөлүгү болуп алардын жашоодогу көркөмдүктү жайылтууга жасаган аракеттери эсептелет. Акындар үчүн эмне реалдуу болсо, ошол – сулуу, эмне сулуу болсо, ошол – реалдуу.

Жыйынтыктап айтканда, философиялык ойлор ар дайым кыргыз элинин рухий маданиятынын өзөгүн түзүп келген. Албетте, алар дүйнөгө болгон концептуалдуу көз карашка негизделбестен, философиялык идея, тенденция жана маанай формасында туюнтулган. Ошону менен катар өткөн мезгилдин философиялык ойлору философиялык терең түшүнүктөрдүн жана абстракттуу-теориялык жалпылоонун калыптанышы жана өнүгүшү үчүн объективдүү өбөлгө болгон.

Бүгүнкү коомубузда мифтик аң-сезим, маданиятсыздык, жалкоолук, билимсиздик үстөмдүк кылып турган мезгилде элибиздин даанышмандыгын, философиялык ойломун жашообузга кенен пайдалануу учур талабы болуп саналат.

**Адабияттар**

1. *Жапаров С.Н.* Шайлоо платформасы. – Бишкек: ОсОО Лейбл, 2020. – 28б.
2. *Алтмышбаев А.А.* Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. – Фрунзе: Илим, 1985. – 150 с.
3. *Аманалиев Б.А.* Из истории философской мысли киргизского народа. Фрунзе: Изд. – во АН Кирг. ССР, 1963. – 76 с.
4. *Какеев А.Ч.* Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы. – Бишкек, 1995. – 195 с.
5. *Козубаев О. К.* Кыргыз элинин этикалык ойлом тарыхын таанып билүү. – Бишкек: Сомошин, 2019. – 227 б.
6. *Мукасов Ы.М.* Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. – Бишкек: Илим, 2004. – 242 б.